**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ
«Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ
ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ» ИЛИМИЙ-БИЛИМ
БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК
КОМПЛЕКСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО
ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ
НАУЧНО- ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЙ
ПРОИЗВОДСТВЕННЫЙ КОМПЛЕКС
«ДЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ
ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ
Б.ОСМОНОВА»**

# БУЙРУК

6.11.2025-ж №467

Манас шаары

## Мамлекеттик аттестацияларды өткөрүүгө даярдык көрүү жөнүндө

ЖАМУнун 2025-2026-окуу жылындагы бүтүрүүчүлөрү үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүгө даярдык көрүү максатында төмөндөгү иш-кагаздары даярдалып 28.11.2025-жылга чейин окуу бөлүмүнө тапшырылсын:

**Кафедра, бөлүм башчылары:**

1. Адистиктер/даярдоо багыттары (профилдер) боюнча МАКтын курамын бекитүү жөнүндөгү кафедра, бөлүм башчыларынын билдирүүсү;
2. МАКтын төрагасы, орун басарына кафедранын, бөлүмдүн сунушу жана алардын макулдугу;
3. Квалификациялык, магистрдик иштердин темаларын бекитүү жөнүндөгү кафедра, бөлүм башчыларынын билдирүүсү;
4. Мамлекеттик аттестациядагы дисциплиналардын тизмеси жана алардын программалары, калыптандыруучу компетенцияларды (индексин) жана күтүлүүчү натыйжаларды көрсөтүү менен берилсин (программалардын биринчи бетинин даярдалышы 1-тиркемеде көрсөтүлгөн);
5. МАКтын техникалык катчыларынын милдеттери тааныштырылсын.

*Эскертүү: МАКтын курамын түзүүдө төмөнкүлөр эске алынсын:*

1. МАКтын курамынын аты-жөнү, илимий даражасы, наамы, кызматы, толук жазылсын;
2. МАКтын төрагалыгына бүтүрүүчүлөр үчүн иш берүүчү ишкана-мекемелердин жетекчи-кызматкерлеринин, орун басарларынан жана бөлүм башчыларынан көрсөтүлсүн;
3. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын курамындагы иш берүүчүлөрдүн саны комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын 2/3 бөлүгүнөн кем болбоого тийиш;
4. ЖАМУнун административдик башкаруу кызматкерлери, институттардын директорлору, кафедра, ПЦК, бөлүм башчылар МАКтын курамына киргизилбесин;
5. МАКтын курамына окуу планынын адистик циклдеги дисциплиналарды окуткан профессор-окутуучулардан киргизилсин;
6. МАКтын төрагасынын орун басары ЖАМУда иштебеген, илимий даражалуу кызматкер болушу шарт (колледждерден сырткары).

**Негизи:** ОБнын башчысынын билдирүүсү, ОИ боюнча проректордун резолюциясы.

**ОИ боюнча проректор** **С.Ж.Куваков**

Макулдашылды
АРБУКБнын башчысы А.Т.Акматова
Көчүрмөсү анык